берүүчү жайдын ичинде бир эле учурда экиден ашпаган байкоочунун болушуна уруксат берүү укугун бекитүү зарыл.

Ушундан улам, Кыргыз Республикасында шайлоолордун ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу принцибин ишке ашыруу, сыягы, өкмөттүк эмес, эл аралык жана мамлекеттик секторлордун ортосундагы талаш-тартыштар үчүн аянтча болуп калууда, мында ар бир тарап өз кызыкчылыгын көздөйт. Жогоруда саналып өткөн аспектилердин негизинде, алардын демократиялык шайлоолордун концепциясына толук жооп бербестигин жана коммерциялык эмес сектордун ишмердүүлүгүнө белгилүү бир коркунуч жаратып жатканын айтууга болот.

Анализ көрсөткөндөй, байкоочулардын укуктук макамына байланыштуу колдонулуп жаткан ченемдерде талапкерлерден жана саясий партиялардан дайындалган байкоочуларга салыштырмалуу КЭУдан дайындалган байкоочулардын тең эмес абалын бекиткен өзгөртүүлөр орун алган. Бул болсо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнө каршы келет.

Колдонулган адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу: Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 5-июнундагы № 96 Конституциялык Мыйзамы // Эркин-Тоо. – 2017. – 6-июнь.
2. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө: Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-октябрындагы № 97 Конституциялык Мыйзамы.
3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлер үчүн колдонмо [Электрондук ресурс]. – URL: https://www.shailoo.gov.kg/ru/rukovodstvo-dlya-kandidatov-v-deputaty-zhk/
4. «Жарандык платформа» коомдук фонду. Активдүү жана пассивдүү шайлоо укуктарын ишке ашыруунун шарттарын өркүндөтүү. – Бишкек, 2019. – [Электрондук ресурс]. – URL: https://platforma.kg/wp-content/uploads/2019/10/Sovershenstvovanie-uslovij-realizatsii-aktivnogo-i-passivnogo-prava.pdf
5. Иманкулов Т. И., Исмаилов Ш. С. Кыргыз Республикасында сот-укуктук реформанын азыркы этабында адилет сот адилеттигине жана адамдын коопсуздугуна болгон укукту камсыз кылуу // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2020. № 1–2 (101–102).– 89–92-бб.

Рецензент: доктор юридических наук, доцент Джумалиев Д.С.

УДК 347.78
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-489-496

Жолдошбек к Гулнур, Макаева Д.Э.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Жолдошбек к Гулнур, Макаева Д.Э.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Zholdoshbek kyzy G., Makaeva D.E.
KNU Jusup Balasagyn

ЕАЭБ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН АВТОРДУК УКУК ЖАНА ЧЕКТЕШ УКУКТАРДЫ КОРГОО ТАЖРЫЙБАСЫ
ОПЫТ СТРАН ЕАЭС ПО ОХРАНЕ АВТОРСКОГО ПРАВА И СМЕЖНЫХ ПРАВ
THE EXPERIENCE OF EAEU MEMBER STATES IN THE PROTECTION OF COPYRIGHT AND RELATED RIGHTS

Кыскача мүнөздөмө: Бул илимий макала Евразия экономикалык бирлигине (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттерде автордук укукту жана чектеш укуктарды коргоонун укуктук негиздерин жана колдонуу тажрыйбасын комплекстүү талдоого арналган. Изилдөөдө ЕАЭБ алкагында интеллектуалдык менчикти коргоо боюнча интеграциялык кызматташуунун негизги багыттары, Евразия экономикалык комиссиясынын ролу, ошондой эле автордук жана чектеш укуктарды жамааттык негизде башкарууну жөнгө салган эл аралык макулдашуулардын мазмуну каралат. Макалада Армения, Беларусь, Казакстан жана Россия Федерациясындагы автордук жана чектеш укуктарды коргоонун улуттук укуктук системалары, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгү жана жамааттык башкаруу уюмдарынын ролу салыштырма-укуктук ыкмада изилденет. Автор жамааттык башкаруу институттарынын укук ээлеринин мүлктүк кызыкчылыктарын коргоодогу маанисин белгилеп, бул чөйрөдөгү ачык-айкындуулук жана отчеттуулук маселелерине өзгөчө көңүл бурат. Мындан тышкары, маалыматтык технологиялардын өнүгүшү жана Интернет тармагында контенттин кеңири жайылышы шартында автордук жана чектеш укуктарды коргоонун эл аралык тажрыйбасы талданат. АКШ, Европа Бирлиги, Греция жана Кытай Эл Республикасында колдонулуп жаткан соттук, административдик жана соттон тышкаркы коргоо механизмдери каралып, алардын оң жактары белгиленет. Изилдөөнүн жыйынтыгында ЕАЭБдин алкагында автордук жана чектеш укуктарды, өзгөчө Интернет мейкиндигинде коргоо боюнча бирдиктүү укуктук жөнгө салуунун жоктугу негизги көйгөй катары көрсөтүлөт. Автор терминологиянын ар түрдүүлүгүн жана бирдиктүү ыкманын жоктугун жоюу максатында бирдиктүү ченемдик укуктук актыны кабыл алуунун зарылдыгын негиздеп, чет өлкөлүк жана аймактык оң тажрыйбаны Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүдө пайдалануу мүмкүнчүлүгүн сунуштайт.

Аннотация: Статья посвящена комплексному анализу правовых основ и практики охраны авторского права и смежных прав в государствах — членах Евразийского экономического союза (ЕАЭС). В работе рассматриваются основные направления интеграционного сотрудничества в сфере интеллектуальной собственности в рамках ЕАЭС, роль Евразийской экономической комиссии, а также содержание международных соглашений, направленных на координацию действий по защите прав на объекты интеллектуальной собственности. Особое внимание уделено анализу национального законодательства и правоприменительной практики в Армении, Республике Беларусь, Республике Казахстан и Российской Федерации. В статье исследуется деятельность уполномоченных государственных органов и организаций по коллективному управлению правами, их значение в обеспечении защиты имущественных интересов авторов и иных правообладателей, а также проблемы прозрачности и отчетности в сфере коллективного управления. Отдельный раздел статьи посвящен вопросам защиты авторских и смежных прав в сети Интернет в условиях цифровизации и развития информационных технологий. Проанализирован зарубежный опыт США, Европейского союза, Греции и Китайской Народной Республики, включая судебные, административные и внесудебные механизмы пресечения нарушений в цифровой среде. В заключении обосновывается вывод о необходимости унификации терминологии и выработки единого нормативного правового акта, регулирующего охрану и защиту авторских и смежных прав на территории ЕАЭС, в том числе в сети Интернет. Сделан вывод о целесообразности использования положительного зарубежного и регионального опыта при совершенствовании законодательства Кыргызской Республики.

Abstract: The article provides a comprehensive analysis of the legal framework and practical experience in the protection of copyright and related rights in the member states of the Eurasian Economic Union (EAEU). The study examines the main directions of integration cooperation in the field of intellectual

property within the EAEU, the role of the Eurasian Economic Commission, as well as international agreements aimed at coordinating efforts to protect intellectual property rights. Special attention is paid to the analysis of national legislation and law enforcement practices in the Republic of Armenia, the Republic of Belarus, the Republic of Kazakhstan, and the Russian Federation. The article explores the activities of authorized state bodies and collective management organizations, highlighting their role in protecting the property interests of authors and other right holders, as well as identifying existing issues related to transparency and accountability in collective rights management. A separate section of the article is devoted to the protection of copyright and related rights on the Internet in the context of digitalization and the rapid development of information technologies. The study analyzes foreign experience in the United States, the European Union, Greece, and the People's Republic of China, including judicial, administrative, and extrajudicial mechanisms for preventing and suppressing infringements in the digital environment. In conclusion, the article substantiates the need to unify terminology and to develop a single regulatory legal act governing the protection of copyright and related rights within the EAEU, including in the Internet environment. The author emphasizes the relevance of adopting positive foreign and regional practices for improving the legislation of the Kyrgyz Republic.

Негизги сөздөр: автордук укук; чектеш укуктар; интеллектуалдык менчик; Евразия экономикалык бирлиги; укуктарды жамааттык негизде башкаруу; Интернет мейкиндиги; укуктук коргоо; эл аралык тажрыйба.

Ключевые слова: авторское право; смежные права; интеллектуальная собственность; Евразийский экономический союз; коллективное управление правами; сеть Интернет; правовая охрана; международный опыт.

Keywords: copyright; related rights; intellectual property; Eurasian Economic Union; collective rights management; Internet; legal protection; international experience.

Билимге негизделген экономиканын өнүгүшү, рыноктордун глобалдашуусу, жогорку технологиялуу товарларды өндүрүүдөгү атаандаштыктын күчөшү Бажы бирлигине жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке мүчө мамлекеттердин интеграциялык кызматташуусун активдештирүүнүн зарылдыгын шарттаган негизги факторлор болуп саналат.

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин «Интеллектуалдык менчик» деп аталган XXIII бөлүмүнө [1] ылайык, Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктарды коргоо жана камсыз кылуу чөйрөсүндөгү кызматташуусу төмөнкү негизги багыттар боюнча жүзөгө ашырылат:

1. илимий жана инновациялык өнүгүүнү колдоо;
2. интеллектуалдык менчик объектилерин коммерциялаштыруу жана пайдалануу механизмдерин өркүндөтүү;
3. мүчө мамлекеттердин автордук укук жана чектеш укук ээлери үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
4. Евразия экономикалык бирлигинин товардык белгилерин жана тейлөө белгилерин, ошондой эле Евразия экономикалык бирлигинин товарлардын чыгарылган жерлеринин аталыштарын каттоо тутумун киргизүү;
5. интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктарды, анын ичинде Интернет тармагында коргоону камсыз кылуу;
6. интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктарды натыйжалуу бажылык коргоону камсыз кылуу, анын ичинде мүчө мамлекеттердин интеллектуалдык менчик объектилеринин бирдиктүү бажы реестрин жүргүзүү аркылуу;
7. контрафакттык продукциянын жүгүртүлүшүн алдын алууга жана токтотууга багытталган макулдашылган чараларды жүзөгө ашыруу.

Евразия экономикалык бирлигинин интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук базасын өркүндөтүү максатында Евразия экономикалык комиссиясы эл аралык укукта, ошондой эле Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин улуттук мыйзамдарында ушул чөйрөдө болуп жаткан өзгөрүүлөргө туруктуу негизде мониторинг жүргүзөт. Ошондой эле Евразия экономикалык комиссиясы интеллектуалдык менчиктин жүгүртүлүшүнө байланыштуу мүмкүн болуучу терс тенденцияларды талаптагыдай жана ар тараптуу изилдөөгө күч-аракетин багыттап, аларды жоюу боюнча Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен биргеликте чараларды иштеп чыгууга умтулат.

Евразия экономикалык комиссиясы Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары менен туруктуу өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат, ошондой эле интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө эл аралык кызматташууну, анын ичинде эл аралык уюмдар жана үчүнчү мамлекеттердин өкүлчүлүктөрү менен тажрыйба жана ачык маалымат алмашуу максатында жүргүзөт. Бул маалыматтар ченем жаратуу ишмердүүлүгүндө колдонулат.

2015-жылы интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктарды коргоо боюнча аракеттерди координациялоо жөнүндө Келишимге кол коюлган. Бул Келишим төмөнкүлөрдү карайт: Бирликтин бажы аймагында интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктардын бузулушун алдын алуу жана токтотуу боюнча өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашыруу жана көмөк көрсөтүү үчүн укуктук негиздерди түзүү, ошондой эле ыйгарым укуктуу органдардын Комиссия менен маалыматтык өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу; интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктардын бузулушун алдын алуу, аныктоо, токтотуу жана иликтөө боюнча, ошондой эле бул чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу органдардын ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча аракеттерди координациялоо; Бирликтин бажы аймагында интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктарды коргоо чөйрөсүндө мүчө мамлекеттердин мыйзамдарын шайкеш келтирүү жана өркүндөтүү; интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктарды коргоо маселелери боюнча, анын ичинде Бирликтин бажы аймагында контрафакттык товарлардын жүгүртүлүшүн алдын алуу боюнча маалымат алмашуу; интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо боюнча макулдашылган аракеттерди пландаштыруу жана ишке ашыруу; интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктарды коргоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктар берилген мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдарынын кызматташуусу жана өз ара аракеттенүүсү.

Автордук жана чектеш укуктарды жамааттык негизде башкарууну бирдиктүү тартипке келтирүү максатында Евразия экономикалык комиссиясы Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттер менен биргеликте 2015-жылы автордук жана чектеш укуктарды жамааттык негизде башкаруунун тартиби жөнүндө Макулдашууга кол койгон.

ЕАЭБге мүчө мамлекеттерде автордук укук жана чектеш укуктар чөйрөсүндө колдонулуп жаткан улуттук мыйзам актылары укук ээлерине коргоонун жогорку деңгээлин камсыз кылып, чыгармачылыктын өнүгүшүнө жана аны колдоого өбөлгө түзөт. Бул процессте укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмдар (УЖБУ) негизги ролду ойнойт. Алар автордук же чектеш укуктардын объектилерин пайдаланууну укук ээлери өз алдынча көзөмөлдөй же коргой албаган учурларда, анын ичинде тышкы рыноктордо, аларды пайдалангандыгы үчүн төлөмдөрдү алууга жардам беришет.

УЖБУ укук ээлери менен колдонуучулардын ортосунда өзгөчө ортомчу катары иш алып барып, мыйзамда каралган бир катар функцияларды, анын ичинде автордук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн сый акыны жыйноо функциясын аткарат. УЖБУ укук ээлеринин кызыкчылыктарын каалаган мүчө мамлекеттин аймагында эч кандай чектөөсүз өкүлчүлүк кыла алат. Ошол эле учурда автордук сый акыны жыйноо менен алектенген коомдордун ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу улуттук ченемдерде олуттуу айырмачылыктар бар, айрыкча алардын ишинин ачык-айкындуулугу жана отчеттуулугу жагынан.

Макулдашууда автордук жана чектеш укуктарды жамааттык негизде башкаруунун тартиби мүчө мамлекеттерде укук ээлери бул укуктарды жеке тартипте ишке ашырууда кыйынчылыктар жаралган

учурларда же мүчө мамлекеттердин мыйзамдары укук ээлеринин макулдугусуз, бирок сый акы төлөө менен бул укуктардын объектилерин пайдаланууга жол берген учурларда каралган.

Макулдашуу укук ээлеринин УЖБУну эркин тандоо принцибин, укук ээлеринин бардык категорияларына тең мамиле кылуу жана сый акыны адилеттүү бөлүштүрүү сыяктуу принциптерди камтыйт. Ал УЖБУнун автордук жана чектеш укуктарды башкаруу ишмердүүлүгүнө жеткиликтүүлүгүнө, башкаруу ыкмаларына жана аларды көзөмөлдөөнүн чектерине арналган улуттук ченемдерди координациялоого багытталган.

Макулдашууда УЖБУнун укук ээлеринин алдындагы ишмердүүлүгүнүн ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун жогорулатууга өзгөчө маани берилет. Тактап айтканда, каржылык отчеттуулукту, ошондой эле сый акыны жыйноо, бөлүштүрүү жана төлөө механизмдерин аудиттен өткөрүү (коомдук отчеттуулук) каралып, анын жыйынтыктарын авторлорго жеткирүү жана расмий интернет-сайтта жайгаштыруу милдеттендирилген.

Макулдашуу ошондой эле мүчө мамлекеттердин улуттук мыйзамдарында жамааттык башкаруу маселелери боюнча төмөнкү багыттарда укуктук жөнгө салууну милдеттүү түрдө белгилөөнү карайт: жыйналган сый акы каражаттарынан кармоолордун мыйзамда белгиленген чектен ашып кетиши үчүн УЖБУнун жоопкерчилиги; УЖБУ тарабынан төлөнбөй калган акча каражаттарын сактоо маселелерин укуктук жөнгө салуу; доо коюу мөөнөтү өтүп кеткенден кийин талап кылынбаган сый акынын суммаларын учурдагы жылдын бөлүштүрүлүүчү сый акысына кошуу же авторлордун жана башка укук ээлеринин пайдасына социалдык, гуманитардык же маданий максаттарга багыттоо; УЖБУнун атайын каражаттарын түзүү жана алардын укуктук абалы; укук ээлери, автордук жана (же) чектеш укуктардын объектилери жана УЖБУга башкарууга берилген укуктар тууралуу маалыматтарды камтыган реестрлерди түзүү, ошондой эле бул реестрлерди УЖБУнун расмий интернет-сайттарында жайгаштыруу жана актуалдаштыруу.

Армения Республикасында интеллектуалдык менчикти коргоо тутумундагы улуттук саясат 1992-жылдын январь айында Армения Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Патенттик башкармалыктын, ал эми 1993-жылдын декабрь айында Автордук укук боюнча улуттук агенттиктин түзүлүшү менен калыптана баштаган. Кийинчерээк, 2002-жылдын март айында бул органдарды бириктирүүнүн натыйжасында Интеллектуалдык менчик агенттиги түзүлүп, ал Армения Республикасынын Экономикалык өнүгүү жана инвестициялар министрлигинин курамында иш алып барган өзүнчө түзүмдүк бөлүм макамына ээ болгон. Ошол эле жылы Өкмөт тарабынан Агенттиктин жаргысы жана түзүмү бекитилген.

Азыркы учурда интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү укуктук мамилелер Армения Республикасынын мыйзамдары, мыйзам алдындагы актылары, ошондой эле эл аралык келишимдери менен жөнгө салынат. Армения Республикасы 1993-жылдан бери Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун (БДИМУ) мүчөсү, ал эми 1995-жылдан бери Евразия патенттик уюмунун (ЕАПУ) мүчөсү болуп саналат. Агенттик Европа патенттик уюму (ЕРО), башка эл аралык жана аймактык түзүмдөр, ошондой эле чет мамлекеттердин ведомстволору менен кызматташат [2].

Армения Республикасынын интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык, Армения Республикасынын Интеллектуалдык менчик агенттиги өнөр жай менчигинин объектилерин укуктук коргоону камсыз кылуу боюнча негизги иштерди жүргүзөт, ошондой эле автордук укук жана чектеш укуктар чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашырат.

Автордук укуктарды жамааттык негизде башкарууну жүзөгө ашырган жалгыз уюм — 2001-жылы түзүлгөн «Армавтор» аттуу коммерциялык эмес өкмөттүк эмес уюм болуп саналат. Ал «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» мыйзамга, ошондой эле эл аралык келишимдерге ылайык иш алып барат. Армения Республикасынын мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик аккредитация каралган эмес [3].

«Армавтор» Арменияның аймагында авторлордун жана башка укук ээлеринин укуктарын жамааттык негизде башкаруучу жалгыз уюм болуп эсептелет. «Армавтор» жаргыга жана мыйзамдарга ылайык жүктөлгөн бардык милдеттерди жана функцияларды гана аткарбастан, жамааттык башкаруу

тутумун сактап калуу максатында кошумча функцияларды да жүзөгө ашырат, анткени ал жаратуучулар үчүн келечекти камсыз кыла алган жалгыз уюм болуп саналат жана натыйжада өнөрдүн жалпы өнүгүшүнө, ошондой эле Арменияда автордук укуктун жана чектеш укуктардын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Арменияда автордук жана чектеш укуктар боюнча укуктук мамилелер 2006-жылдын 4-июлунда кабыл алынган № ЗР-142 «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» мыйзамы менен жөнгө салынат [4].

Беларусь Республикасынын Илим жана технологиялар боюнча мамлекеттик комитети (мындан ары — ИТМК) илимий-техникалык жана инновациялык ишмердүүлүк чөйрөлөрүндө, ошондой эле интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктарды коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүргүзгөн, жөнгө салууну жана башкарууну ишке ашырган, бул чөйрөлөрдө башка республикалык мамлекеттик башкаруу органдарынын ишин координациялаган республикалык мамлекеттик башкаруу органы болуп саналат жана Беларусь Республикасынын Министрлер Кеңешине баш иет.

Беларусь Республикасында автордук укуктун булактары болуп чыгармачылык эркиндигин бекиткен Беларусь Республикасынын Конституциясы, Беларусь Республикасынын Жарандык кодекси, 2011-жылдын 17-майындагы № 262-З «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» Беларусь Республикасынын Мыйзамы [5], ошондой эле жалпы коомдук мамилелерди жөнгө салган, бирок айрым автордук укук объектилерин алардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен пайдаланууга байланышкан өзүнчө ченемдерди камтыган башка мыйзам актылары саналат.

Беларусь Республикасында интеллектуалдык менчик объектилери жарандык сот өндүрүшүнүн тартибинде корголот, мындан тышкары административдик-укуктук жана кылмыштык-укуктук коргоо да каралган.

Беларусь Республикасынын Илим жана технологиялар боюнча мамлекеттик комитетине баш ийген Интеллектуалдык менчиктин улуттук борбору (ИМУБ) интеллектуалдык менчик объектилерине болгон укуктарды түздөн-түз коргоону камсыз кылган жана мыйзамдарда белгиленген Беларусь Республикасынын патенттик органынын айрым функцияларын жүзөгө ашырган уюм болуп эсептелет.

Ошондой эле ИМУБ авторлордун кызыкчылыгында музыкалык чыгармаларды (текст менен же текстсиз) камтыган аудиовизуалдык чыгармаларды коомдук аткаруу, эфирге берүү же кабель аркылуу берүү үчүн сый акыны жыйноону жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу.

2007-жылдан бери жамааттык башкаруу чөйрөсүндө иш алып барган Интеллектуалдык менчиктин улуттук борбору (ИМУБ) 2005-жылга чейин «РУПИС» деп аталып келген «Беларусь автордук коому» мамлекеттик унитардык ишканасынын (БАО, БелАТ) укуктук мураскери болуп саналат. Мурунку уюмдардын тажрыйбасын улантуу менен, ИМУБ чыгармачыл коомчулуктун мүлктүк кызыкчылыктарын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн бардык аракеттерди көрүүдө. Бүгүнкү күндө 5 миңден ашуун беларусь авторлору жана башка укук ээлери өздөрүнүн мүлктүк укуктарын түздөн-түз ИМУБга башкарууга өткөрүп беришкен. Чет өлкөлүк жамааттык башкаруу уюмдары менен түзүлгөн өз ара өкүлчүлүк келишимдеринин негизинде ИМУБ Беларусь Республикасынын аймагында дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн бир миллиондон ашуун авторлордун жана башка укук ээлеринин кызыкчылыктарын өкүлчүлүк кылат. ИМУБ 120 өлкөдөн 220дан ашуун жамааттык башкаруу уюмдарын бириктирген Авторлор жана композиторлор коомдорунун эл аралык конфедерациясынын (CISAC) толук укуктуу мүчөсү болуп саналат.

Казакстан Республикасынын Улуттук патенттик ведомствосу (Казпатент) Казакстан Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык 1992-жылдын июнь айында түзүлүп, республикалык ойлоп табуучулукту колдоого, анын чыгармачыл потенциалын сактоого жана коргоого багытталган улуттук патенттик тутумду уюштуруу максатын көздөгөн. Азыркы учурда интеллектуалдык менчикке болгон укуктарды коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты Казакстан Республикасынын Юстиция министрлиги ишке ашырат.

Казакстан Республикасынын интеллектуалдык менчиктин улуттук тутумунун негизин 1992-жылдын июнь айында кабыл алынган Патенттик мыйзам (Казакстан Республикасы КМШ өлкөлөрүнүн

ичинен мындай мыйзамды алгач кабыл алгандардын бири болгон), 1999-жылдын 26-июлунда кабыл алынган № 456-I «Товардык белгилер, кызмат көрсөтүү белгилери жана товарлардын келип чыккан жерлеринин аталыштары жөнүндө» мыйзам, ошондой эле 1996-жылдын 10-июндагы № 6-I «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» мыйзам түзөт. Бул мыйзамдарды өнүктүрүү максатында өнөр жай менчигинин объектилерине патенттерди жана күбөлүктөрдү алуу үчүн өтүнмөлөрдү түзүү, берүү жана кароо жол-жоболорун, ошондой эле аларды андан ары пайдаланууну [6] жана автордук жана чектеш укуктардын объектилерин депонирлөө тартибин жөнгө салган бир катар ченемдик укуктук актылар иштелип чыгып, бекитилген.

Жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актыларды практикалык колдонуу жыйынтыктары Казакстанда автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин түзүүгө, укуктук коргоого жана пайдаланууга байланыштуу келип чыккан мүлктүк, ошондой эле аларга байланышкан жеке мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салуучу укуктук база түзүлгөнүн жана ийгиликтүү иштеп жатканын көрсөтөт.

Казакстан Республикасында автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө колдонулуп жаткан мыйзамдарга ылайык, авторлордун жана укук ээлеринин мүлктүк укуктарын жамааттык негизде башкаруучу коомдорду мамлекеттик аккредитациялоо тутуму иштейт. Азыркы учурда Казакстанда «КАЗАК» Казакстан автордук коому, «Аманат», «КОУПИС» жана башка 7ден ашык автордук коомдор иш алып барууда.

Россия Федерациясында автордук укук учурда Россия Федерациясынын Жарандык кодексинин төртүнчү бөлүгүндө бекитилген. Аталган бөлүк 2008-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген. Россия Федерациясында, дүйнөнүн башка мамлекеттеринде гидей эле, автордук укук жана чектеш укуктар Берн конвенциясына негизделет. Учурда Россия Федерациясында автордук укук жөнүндө мыйзамдар үч деңгээлдеги ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат: эл аралык келишимдер, федералдык мыйзамдар жана ведомстволук актылар (мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актылар).

Автордук укуктарды каттоо жана чыгармалардын нускаларын расмий депонирлөө Автордук укуктарды башкаруу боюнча Россиялык коом жана «КОПИРУС» Россиялык автордук коому тарабынан жүргүзүлөт. Жарандык кодекстин 1243-беренесине ылайык, «КОПИРУС» укук ээлери жана автордук укук объектилери жөнүндө маалыматтарды камтыган расмий реестрди түзөт.

Авторлордун жана укук ээлеринин мүлктүк укуктарын жамааттык башкаруу чөйрөсүндө Россия Федерациясынын аймагында Россиялык автордук коом, Интеллектуалдык менчиктин бүткүл россиялык уюму, Россиялык укук ээлеринин союзу жана искусство чөйрөсүндө укуктарды коргоо жана башкаруу боюнча укук ээлеринин «УПРАВИС» ассоциациясы сыяктуу төрт коомдук уюм иш жүргүзөт.

Маалыматтык технологиялардын тездик менен өнүгүшү, Интернет тармагында ар кандай контенттин, анын ичинде адабият, илим, искусство чыгармаларынын жана башка материалдардын жайгаштырылышы жаңы милдетти коюуда [7]. Евразия экономикалык бирлигинин мейкиндигинде Интернет тармагында автордук жана чектеш укуктарды тийиштүү деңгээлде коргоону жана камсыздоону кантип уюштуруу керек?

Ушуга байланыштуу, биздин оюбузча, айрым чет өлкөлөрдүн тиешелүү тажрыйбасын карап чыгуу орундуу. Мисалы, АКШда автордук жана чектеш укуктарды коргоо механизми 1998-жылдын 27-январындагы Digital Millennium Copyright Act (Санариптик миң жылдыктын автордук укук жөнүндө мыйзамы) менен жөнгө салынат. Ага ылайык, укук ээси өз укуктары бузулган учурда тиешелүү материалды өчүрүү же ага жеткиликтүүлүктү чектөө жөнүндө билдирүү берүү укугуна ээ.

Европа Бирлигинин аймагында Европа парламентинин жана Европа Бирлиги Кеңешинин 2001-жылдын 22-майындагы № 2001/29/ЕС «Маалыматтык коомдо автордук жана чектеш укуктардын айрым аспектилерин шайкеш келтирүү жөнүндө» Директивасына ылайык, укуктары бузулган укук ээси келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө доо коюуга жана/же соттук тыюу салуу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүч келтирүүгө укуктуу.

Жогоруда аталган актылардын өзгөчөлүгү — укук бузууга байланыштуу иш-аракеттер сайт ээлерине гана эмес, ошондой эле ортомчуларга, анын ичинде провайдерлерге карата да токтотулат.

Грецияда автордук жана чектеш укуктар бузулган учурда укук ээлери үчүн соттон тышкаркы тартип каралган. Бул административдик жол-жоболор Интернет тармагында автордук жана чектеш укуктардын бузулушу жөнүндө билдирүүлөр боюнча комитеттин көзөмөлү астында жүргүзүлөт. Кытай Эл Республикасында автордук укукту коргоонун кош системасы — соттук жана административдик коргоо киргизилген. 2017-жылы «интернет-сот» деп аталган атайын орган иштей баштаган. Ал Интернетке байланыштуу бардык иштерди, анын ичинде глобалдык тармакта автордук жана чектеш укуктарды коргоо маселелерин кароого ыйгарым укуктуу.

Евразия экономикалык бирлигинин аймагында бул багытта жамааттык жана биргелешкен иш-аракеттер, тилекке каршы, азырынча жүзөгө ашырылбай келет. Бирок Интернет тармагында автордук жана чектеш укуктарды коргоо боюнча айрым мамлекеттер тарабынан белгилүү бир кадамдар жасалган. Тактап айтканда, Россия Федерациясында контрафакттык чыгармаларды жайылткан интернет-сайттарды бөгөттөөгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук база бар.

Укук колдонуу практикасындагы негизги көйгөйлөрдүн бири — терминологиянын ар түрдүүлүгү жана бирдиктүү ыкманын жоктугу болуп саналат. Бул жагдай, биздин пикирибизче, ЕАЭБдин аймагында автордук жана чектеш укуктарды коргоону жөнгө салуучу бирдиктүү ченемдик укуктук актыны кабыл алуунун зарылдыгын шарттайт.

Демек, башка мамлекеттердин улуттук тажрыйбасын изилдөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү максатында алардын айрым ченемдерин оң тажрыйба катары кабыл алууга мүмкүндүк берди.

Колдонулган адабияттар

1. Евразиялык экономикалык союз жөнүндө келишим: 2014-жылдын 29-майы [Электрондук ресурс]. – URL: http://www.consultant.ru/document/cons_doc_LAW_163855/ (кайрылган күнү: 29.09.2026).
2. Армения Республикасынын Интеллектуалдык менчик агенттигинин расмий сайты [Электрондук ресурс]. – URL: https://www.aipa.am/ru/about-us/ (кайрылган күнү: 29.09.2026).
3. Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө: Армения Республикасынын 2006-жылдын 4-июлундагы № ЗР-142 Мыйзамы [Электрондук ресурс]. – URL: http://base.spinform.ru/show_doc.fwx?rgn=65940 (кайрылган күнү: 29.09.2026).
4. Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө: Беларусь Республикасынын 2011-жылдын 17-майындагы № 262-З Мыйзамы [Электрондук ресурс]. – URL: https://kodeksy-by.com/zakon_rb_ob_avtorskom_prave_i_smezhnyh_pravah.htm (кайрылган күнү: 29.09.2026).
5. Серебренникова Е. С. Салык салуу боюнча патенттик системанын өзгөчөлүктөрү // Каржы укугу. – Москва: Юрист, 2015. – № 7. – 38–43-бб.
6. Касаболотов Ж. А. Кыргызстанда жарандык коомдун формасы менен мазмунунун шайкештигин камсыздоонун проблемалуу чөйрөсү // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – № 3 (119). – 353–362-бб.

Рецензент: юридика илимдеринин кандидаты, доцент Ботобаев А.А.